ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

КЕЛДИБАЙ КЫЗЫ Н.
nbknu@mail.ru

# Ж. ЕГЕМБЕРДИЕВДИН «КАНАТ ХАН» РОМАНЫНЫН КӨРКӨМДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

Кыргыз эли нечендеген азап-тозоктуу тагдырларды башынан кечиргени тарыхтан маалым. Алыс барбай эле өткөн кылымдын 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштү алып эстесек, элибиздин башына кандай кыйын күн түшүп, улут катары тукум курут болуп каларда аргасыздан Кытай жергесине өтө качууга мажбур болушканын тарыхый фактылар жана көркөм чыгармалар тастыктап турат. Кыргыз адабиятында үркүн темасы К.Баялиновдун «Ажар» повестинен тартып Т.Касымбековдун «Баскын», «Кыргын» романдарына чейин көптөгөн акын-жазуучуларыбыздын чыгармачылыгында көркөм иликтенип келди. Үркүн темасындагы чыгармалардын катарын толуктап жакынкы жылдарда жарык көргөн публицист, котормочу, жазуучу Ж.Егембердиевдин «Канат хан» тарыхый романы жарык көрдү. Бул роман 1916-жылдагы үркүн окуясына жаңыча көз караштан карап, мүмкүн болушунча жаңы тарыхый фактыларга таянып, жогорку көркөмдүктө жазылгандыгы менен окурмандын көңүлүн өзүнө бура алат. Канат ханды биз 1916-жылдагы көтөрүлүштү жетектеген тарыхый инсан катары эле билсек, романды окугандан кийин анын эл башкаруучу, агартуучу, анан калса эли үчүн күйүп-бышкан чыныгы патриот, эч нерседен тайманбаган күчтүү личностң болгондугунан жана анын жеке жашоо-тагдырынан кабардар болобуз.

Ата Журт кыйын күнгө кабылганда
Айлансын ар бир уулу чагылганга

- деп акын Жолон Мамытов жазып кеткендей, Канат хан да өз мезгилинде Ата Журту, эли кыйын күнгө туш болуп, башына каран түн түшүп турганда өз кызыкчылыгынан элдин кызыкчылыгын жогору коюп, жанын да аябай күрөшкөндүгү романда жогорку чеберчиликте чагылдырылат. Канат хандын ушундай инсан болуп калыптанышын шарттаган факторлорду да автор чыгармада логикалык ыраattуулукта ишенимдүү бере алган. Анын ата-теги, Төрөгелди баатыр, атасы Ыбыке ж.б. аны курчаган бир топ эл башчыларынын таасиринен болсо, эң башкысы ал жашаган тарыхый шарт, тактап айтканда, падышалык Россиянын колониялык саясаты, кысымы, элди басынтуулары өз элинин кызыкчылыгы үчүн күрөшүүгө, коргоого болгон сезимдерин курчуткан. Себеби, роман башталганда эле Төрөгелди баатырдын орус төрөлөрү тарабынан чакыртылып, себепсиз сабалышы сүрөттөлөт. Бул эпизод тууралуу белгилүү сынчы С.Карымшаков мындай дейт: «Өз учурунда элин нечен жоодон калкалап, баатыр атанган айтылуу Төрөгелдини Токмок калаасында жайгашкан падышалык Россиянын жогорку даражалуу улуктары чакырып алып, сабаткан учуру элестүү сүрөттөлүп, чыгарманын андан аркы өнүгүшүнө ыңгайлуу ыргак берген башаттын функциясын аткарып турат. Жаамы кыргыз журтчулугу сыймыктанган улуттук баатырдын сабалышы – демек, мындан ары алардан эч кандай жакшылык болбостугунан алдын ала кабар берген көркөм деталң»[1]. Сынчы айткандай, бул көрүнүш ар бир кыргыз атуулунун кыжырын кайнатпай койбойт. Мындай көрүнүш бүгүнкү күндө жок деп айтуу кыйын. «Жаман үйдүн коногу бийлейт» дегендей, азыркы күндө деле башка улуттун өкүлдөрү келип алып, кыргыздарды сыйлабастан өз билгенин, оюна келгенин жасап коюп басып кетип жүрүшкөнүн көрүп, улутубуздун «ашыкча» гумандуулугу, меймандостугу өз башына тийген муштум болуп жаткан жокпу деген ой кетпей койбойт.

[1] Карымшаков С. Чыркыраган чындык жөнүндөгү чыгарма // Ж.Егембердиев Ж. Канат хан. – Бишкек, 2006. - 6-б

Төрөгелдинин сабалышынан кийинки эпизоддордо автор окуяны улам өнүктүрүп олтуруп окурманды жаш Канат менен тааныштырат. Канаттын бүткүл өмүр жашоосун сюжеттин өнүгүшүндө динамикалуу планда сүрөттөп, анын өмүрүндөгү романтикалуу да, драмалуу да, трагедиялуу да учурларын көз алдыбызга тартат. Албетте, бул учурларды окурманга жеткирүүдө автордон канчалык көркөм ой жүгүртүү, чеберчилик талап кылынары бизге белгилүү. Ж.Егембердиев мейли жаратылышты же бир предметти сүрөттөйбү, мейли адамдардын портретин тартабы көркөм сөз каражаттарын ыктуу пайдалана алган. Айрыкча жазуучу портрет тартуунун чебери. Буга романдан бир нече мисалдарды келтирүүгө болот. «Босого тарапта узун бутун далай жерге сунулта чиренип отурган жазы жаак, кырдач мурун, дөң чекесинин алдыңкы кырбуусуна суюк өскөн сур каштарынын ички учтарын көздөрүнүн кычыгы тарапка имериле жайгашкан, ээрди калбайган, жайык беттүү, узун бойлуу, толмочунан келген Өтөмбайдын иниси Табыш балбан», «Баятан бери сөзгө кулак төшөй Ыбыкенин сол капталында мандаш токунуп, үңкүйө отурган, күнгө тотуккан, толтогой беттүү келтек мурун, суюк өскөн муруттуу, буурул сакалчан, орто бойлуу толмоч жигит Танаш уулу Беккулу сөзгө аралашты»[2]. Бул портреттик сүрөттөлөрдү окуганыбызда аталган каармандар көз алдыбызга бет маңдай көрүшүп тургандай, даана элестейт. Негизи эле портрет каармандын мүнөзүн ачууда жана анын андан аркы иш-аракеттеринен алдын ала кабар берүүдө чоң мааниге ээ.

Ал эми төмөнкү сүрөттөөдөн кыргыздардын өмүр бою жашап, ошондо күн кечирип келген боз үйүн жана анын жасалгасын көрө алабыз. «Ыбыкенин сегиз канат боз үйүнүн ичи өз доорунун эң кымбат деген буюмдары менен жасалган. Саймаланган чачылуу тукабадан жапкычы тактанын көркүн чыгарып, атлес жууркандар тиреле жыйылып, үстүлөрүндө боз жибектен тышталган чоң жаздыктар, ортосунан бүгүлө жыйылып турган жүктүн эки тарабында Анжиян килемдери, туш кийиз милдетин ашыра өтөшүп, көз жоосун алууда. Оң бурчта карышкырдын, сол тарабында илбирстин терилери жалпайта башы менен катырылып, куйруктарын салаңдата, көрүүчүнү сездендире илинүү. Жердеги шырдактар үстүнө саңсаң көлдөлөңдөр, ага удаалаш аюу талпактар салынган. Эпчи тарабындагы каланган чий чыгдан узун алабакандын теңинен арбынын, аялдардын казан-аяктарын, тамак-ашын эл көздөрүнөн калкалап турду» (47-б). Бул сүрөттөлүштөн жеке эле боз үйдүн жасалгасын эмес, кыргыздын нукура көчмөн турмушун, аялдардын үйдү тутуу маданиятын, уяздугун, сарамжалын көрүү менен бирге «**Оң бурчта карышкырдын, сол тарабында илбирстин терилери жалпайта башы менен катырылып, куйруктарын салаңдата, көрүүчүнү сездендире илинүү**» деген сүйлөмдө үй ээси Ыбыкенин да эч нерседен кайра тартпаган эрктүү, тайманбас мүнөзү метафоралык маанайда берилгенин байкай алабыз. Айрыкча автордун «**сездендире илинүү**» деген сөз айкалышына логикалык басым жасашы көп нерседен кабар берет. Муну биз романда Ыбыкенин алгач Барыштар менен, кийин Үркүмбайлар менен болгон кагылыштарында көрөбүз. Өзүнүн карылыгына карабастан Үркүмбайлар менен айыгышкан курч күрөшкө баргандан кайра тарткан жок. Бул көрүнүш чыгармада «Жуунуп, тазаланышканда Үркүмбайдын кекиртегиндеги муштумдай томпоө уюп калган канды көрүшөт. Карып-арып, жакынкы жаңжалда катуу жарат алып, күч-кубатынан тайый алсырап жүргөнүнө карабай, Ыбыкенин ушунчалык каршылыкка барганына таң беришет»[3] деп айтылып өтөт.

Романда эл башкаруучуларынын ич ара келишпестиги, чыр-чатагы, аларды ынтымакка чакыруудагы айылдын кадырман карылары Төрөгелди, ак сакалын жайкалткан Алыбай ажы, өткүр көз карашынан, кырдач мурдунан, бир аз салыңкы ууртунан, ак аралап бараткан жарашыктуу сакал-мурутунан адамгерчилик сапаты байкалып турган (романда алардын портрети ушундай берилген) Жаркымбай молдолордун кеп-кеңеши, образдары кыргыздардын ички биримдигин чыңап турган. Кыргыздар сөз баккан, сөз кадырын билген эл болгондугу да ушул эпизоддордо айтылып өтөт.

---

[2] Егембердиев Ж. Канат хан. – Бишкек, 2006. - 47-б

[3] Егембердиев Ж. Канат хан. – Бишкек, 2006. - 189-б

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Канаттын эр жетип, үй-бүлө күтүү учуру да автор тарабынан кыргыздын илгертен келаткан каада-салты менен айкалышкан тою ушунчалык эргүү менен баяндалат. Ата-энелери бел куда түшүп койгон Канаттын болочок жары Жылдыздын «далысын жаба майда өрүлгөн узун кара чачтары аркасына куюлуша шыңга боюна жарашкан, кой көз, кара каш, оймок ооз, аппак бетинин ортосундагы кызылы жанган жаны айылдын түрү боло бурала басып, талаанын кызгалдак гүлүндөй ачылып, сүйкүмдүү жылмайган татына кыз» деген сүрөттөлүшү нарк-насилдүү, ыймандуу кыргыз кызын окурмандын көз алдына даана тартат.

Ошондой оор кырдаалда (падышалык Россиянын кысымында) жашап жатканына карабай кыргыз эли өзүнүн тилин, үрп-адат, каада-салтын бекем сактап, ошонун негизинде өмүр сүрүп келгенине романдагы ушул окуялар күбө. Канаттын үйлөнүү тоюн окуп олтуруп кыргыздын улуттук оюндарынын, каада-салтынын галареясына саякат жасагандай болосуң. Сөзүбүз далилдүү болсун үчүн романдан мисал келтире кетели. «Эшик ачаары» - жаңыдан барганда куда-кудагыйлары менен учурашып, тааныша турган үйгө кирээрде эшик ачып берип ырымын алуу; «жүз көрүшүү» - бири-бирин көрүү учурундагы ырым. «Дасторкон тартмай» - тамак кудалар астына тартылганда алынуучу ырым. «Күйөө баштык» - куржундун эки көзү толтура ар түрдүү тамактарды салып алып барганда, анын оозун өтө жакын кишисине чечтирип ооз тийүүлөрү. «Жеңкетай» - жакын жеңелерин келин болуучу кызына көрсөткөн кызматы үчүн берилүүчү пул же дилде. «Аркан тосмой» - кызды эшикке чыгарып алып, жөнөрдө ырымын жасап, бирдеме бермейин кетирбейбиз деп тосулган аркан. «Иттен чыгармай» - кыз-күйөөнү, кудаларды, келген меймандарды узатуу ырымы. Булардан башка да «маасы тартмай», «кемпир түртмөй», «абышка жыкмай», «уйкулук алмай» сыяктуу ырым-жырымдарды учурата алабыз (107-б). «Жар көрүшүүдө» ырдалган ырлар да романдын көркөмдүк сапатын арттырып турат. Кыргыз эли табиятында поэзияга айрыкча жакын, ыр жандуу келет эмеспи. Бул салттуу оюн-зооктор окуянын жүрүшүнө өзгөчө шаң кошуп, романтикалык көтөрүңкү маанайда сүрөттөлгөн. Алар кыргыз элинин этномаданиятынан бүгүнкү күндүн окурмандарына көптөгөн маалыматтарды бергендиги менен да баалуу. Айрыкча бүгүнкү кыргыз жаштары үчүн этнографиялык түгөнгүс кенч десек да болот.

Жазуучунун художниктик чеберчилигин кыргыз жеринин ажайып коодугун чагылдырган романдагы пейзаждык сүрөттөөлөр тастыктайт.

Чыгармадагы башкы каарман Канаттын нарк-насилди билген каадалуу жигит экенин да автор анын үйлөнүү тоюнун жүрүшүндө ишенимдүү баян этет. Андан кийинки иш аракеттери Канаттын мүнөзүнүн ар тарабын ачып, калкка кылган кайрымдуулуктары анын адамгерчилик сапатын улам бийик тепкичке көтөрүп, эл ичинде кадыр-баркка ээ болот. Эл ишеничине ээ болгон жаш жигит болуштукка шайланат. Анын бийик адамгерчилик сапаты, ар иштин артын терең ойлонгон акылмандыгы атасы Ыбыкенин өлүмүн уккандан кийин чуу көтөрбөй, өчүгүшкөн эки тарапты тынчытууга жасаган аракетинен көрүнүп турат. Албетте, атасынын өлүмү кимди болсо кайгыртпай койбойт, жаны кейип турганына карабастан, бөөдө кан төгүүнү каалабай, жадагалса, бардык «күнөөнү» өз мойнуна алат, туугандар арасындагы ынтымакты сактоого аракети, гумандуулугу ушул эпизоддо дагы бир жолу даңазаланат. Бул да болсо кийинки муун үчүн улуу сабак. «Каардуу бийлик башындагыдан – кандуу из калат, кайрымдуудан касиеттүү из калат»[4] - деп улуу жазуучубуз Ч.Айтматов айткандай, Канат өз мүдөөсүнөн эл мүдөөсүн жогору коюп, жогорку кадамга барып олтурат. Белгилүү тарыхый инсан Шабдан баатыр да Канаттын бул адамгерчилигине, кечиримдүүлүгүнө, акылынын тунуктугуна баа берип, аны менен алака-катыш түзөт. Ошентип, Шабдан купулуна толгон Канатка өзү менен бирге ажыга барып келүүнү сунуш кылат. Ажыга барып келүү сапары учурунда Шабдан баатырдын образы да чебер ачылып берилет. Анын адамгерчилиги, элге

---

[4] Айтматов Ч. 7-том. – Бишкек: Бийиктик, 2008. - 213-б

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

кылган жакшылыктары (өзүнүн эсебинен 20 кишини ажыга алып барып келет), эл арал мамилелердин, карым-катнаштын сырын мыкты билген көрөгөчтүгү романда ынанымдуу берилген. Канаттын агартуу ишмердигине алгач жол көрсөткөн да ушул Шабдан баатыр.

Романдын II бөлүмү «Канат хан көтөрүлүштө» деп аталып, анда 1916-жылдагы көтөрүлүштүн чыгыш себептери майда деталдарына чейин айтылып өтөт. Орус колонизаторлорунун жергиликтүү кыргыздарга жасаган адилетсиз мамилелери, кордоолору, зордук-зомбулуктары, басынтуулары өз чегине жетип турганда, оорукка иштеткенге аскер берүүнү талап кылышат. Бул чектен ашкан буйрук араң чыдап турган элдин кыжырын кайнатып, аларган каршы көтөрүлүшкө чыгууга мажбур кылган. Алсыз абалга жеткирилип кыйналган эл мындай тозоктуу тирүүлүктө жашоодон кечишип, өлүмгө баш байлаша кандай каардуу күч болсо да жарыла каршы чыгууга даяр болуп турушкан.

Тирүүлөй кеткичекти жоо колуна,
Мекендин турпагында өлгөн жакшы

деп, Т.Үмөталиев жазгандай, жергиликтүү эл да «эч кайда барбайбыз» деп эки жакта күч тең эместигине карабай, орус баскынчыларына каршы турушат. Албетте, бул күрөштө өздөрүнө башчы керек болчу. Башчылыкка эл Канатты ылайык көрүшөт. Ар бир ишти жети өлчөп бир кесип, терең ойлонуп чечип көнгөн Канат элинин кыйын абалда турганын көрүп, көтөрүлүшкө жетекчилик кылууга макул болот. Бул чечимге келүүдөгү Канаттын психологиялык абалын автор элестүү бере алган. Тээ илгертен баатыр ата-бабалары эл-жерин душмандан кандай коргоп келгени көз алдынан чууруп өтүп, жер-суусунан, мал-мүлкүнөн, улут гана эмес, адамдык улуу касиетинен ажыраткан падышалык эзүүчүлөргө каршы акыр-аягына чейин күрөшөм деген чечимге келет. Анын бул оюн төмөнкү монологу толуктап турат: «- Зулумдардын айткан-дегени менен болуп, көзүнүн кареги менен тең айланып жүрүп, элибизди ушул тозоктуу абалга жеткирдик. Жетишет! Адепсиз канкорлордун айтканы менен болуп, мал сыяктуу айдала бербей, башыбызды көтөрүп, тартынбай кяяша айтуучу мезгил жетип олтурат. Биз үчүн «Кайда барсак, Мамайдын көрү» болуп турган падышалык букаралагында кандай кыйынчылык болсо да бел байлабасак болбойт. Элибизди биримдикке чакырып, азуулуулар менен айыгышкан кармашка чыкканыбыз оң болор. Алла Таалам жар болуп, зулум баскынчылардан ата-бабалардан мураска калган жерибизди бошотуп алгыбыз бардыр»[5]. Калайман калк алдында жооптуу экендигин сезген Канат тагдырын тобокелге салып акыр-аягына чейин күрөш жүргүзгөндүгү романда ишенимдүү чагылдырылган. Курал-жарактын тартыштыгы, эки тараптагы күчтөрдүн тең эместиги Канаттар канчалык жанын үрөбөсүн баары бир жеңилүүгө дуушар кылган. Эл Кытайга качууга аргасыз болот. Ошол мезгилде эл башчыларынын баары эле Канатка окшоп эл үчүн күйө бербегендиги айланадагы тополоңго карабай, манаптык кийими менен чирене көңүлү куунак келаткан Самүдүн менен жолугушуп, курал-жарактан жардам берүүсүн өтүнгөндө, эч бир курал бере албастыгын айтып, андан көрө аларга кошулуп Кытайга баш калкалоосун сунуштаган эпизоддо көрүнөт.

- Жок, эл-журтту, үй-бүлөмдү таштап, жалгыз жанымдын жыргалчылыгын көздөп силер менен кете алмак эмесмин. Мен өзүмдүн жетекчим эмес, элдин жетекчиси болуп калгам! Кандай тагдырга туш болобуз? Эмнеси болсо да эл-журт менен чогуу болуп, чогуу көрүшүбүз оң болоор. Бунтубуз да аяктай элек[6], - деп Кытайга баруудан баш тартат. Жеңилүүгө дуушар болорун сезип-билип турса да, падышалык баскынчыларга каршы күрөшүн улантат. Бирок, оозунан ок бүрккөн жазалоочу отряддын замбиректерине кетмен, айры бирин-серин беш атар мылтык көтөргөн эл туруштук бере алышпады…

Тагдырга моюн сунбаска арга жок экен. Канат да Турпан тарапка жол тартат. «Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман» деген сөз ырас белем, өз жанын

---

[5] Егембердиев Ж. Канат хан. – Бишкек, 2006. - 288-б
[6] Егембердиев Ж. Канат хан. – Бишкек, 2006. – 328-б

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

аман алып калууну ойлогон кудасы Курман менен анын баласы Ыскак Канатты кол түшүрүп берүүгө жазалоочу отряддын солдаттарына сөз беришет. Ошентип, амал менен (кат жиберип) Канатты кайтууга мажбур кылышат. Өз пайдасын ойлогон Ыскак Канат ханды кармап берет. Канаттын жапжаш эки уулу, иниси да орустун жазалоочу отряддарынын желдеттеринин огунан каза болушат. Романдын акырында «Үркүндөн үч элес» деген бөлүмүндө кыргыздардын көтөрүлүштө кандай азап тартып, кырылууга учураганы жөнүндөгү маалыматты окуп олтуруп, дене боюң муздак суу сепкендей дүркүрөйт. Аеосуз кыргынга учураган эл, Бедел, Каркыра, Түргөн, Ак Өгүз ашууларында чубап кетип бараткан качкындар көз алдыңа кино тасма көрүп тургандай элестейт.

Ушундай – азап жолго багытталып,
Качкындар зымыраштты канат кагып.
Пикиртик, Кайчы, Бедел, Ак өгүздөр
Муздарын жол кылмакчы кесип, чагып.

Мал чиркин мөгдөп калган, күчү келбей,
Төрт туяк тегеренген такат бербей,
Кара таш какыраган, ирмем чөп жок,
Шылкыйган көпчүлүк мал, аяк бербей.

Ал кеткен, азап тартып, адамзаттан,
Көз кайнап, моюн чыгып, сорулуп кан,
Калың эл, чарык тартып, кол кармашып,
Айрылган келин, кыздар минген аттан[7] - деп А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романында да таасын чагылдырылган. Канат хан тууралуу бул романда да айтылып өтөт. Бул романдын да катаал тагдыры бизге белгилүү. Роман 1935-жылы басылып чыгат да, ошондон тартып 1947-жылга чейин төрт жолу жарык көрүп, төрт жолу тең китептин нускасы толук бойдон сатуудан алынып салынат. Автор идеологиялык кысымга кабылып, аз жерден жазаланып калмак болгон. Себеби, ал кезде Канат хан сыяктуу орус баскынчыларга каршы көтөрүлүшкө чыккан инсандар жөнүндө жазмак түгүл атын атоого тыюу салынган. «Канат хан» бөлүмү алынып салынып, «Таң алдында» деген ат менен жарык көргөндөн кийин гана кысымдан кутулат. Мына эми эгемендүүлүктүн шарапаты менен өз тарыхыбызды кайрадан изилдеп, жан дилинен кыргыз деп күйгөн, элине кызмат кылган чыныгы патриот инсандарыбызга жаңыча көз караш менен кароо мезгили келип жетип, Ж.Егембердиев бизге жогорку «Канат хан» тарыхый романын тартуулады.

Ошондой катаал кырдаал, кыйын мезгил болсо кыргыз эли каада-салтын, тилин ыйык сактаган. Ал эми азырчы? Бул суроого азыркы жаштар, улуттук интеллигенция, жалпы эле кыргыз коомчулугу кандай жооп берет болду экен. Романдагы көтөрүлгөн проблеманы, идеяны суроибузга жооп катары автор алдыбызга таштайт. Тарыхтын ар бир сабагын, элибиздин тарткан азабын унутпоону эскертет. Роман бийик көркөмдүктө чебер жазылган. Автор жараткан тарыхый инсандардын образдары да көркөм иштелген. Жаштарды патриоттук духта тарбиялоодо, улуттук каада-салттарды бапестей билүүгө үйрөтүүдө романдын аткарган кызматы зор. 1916-жылдагыдай тагдыр эч качан кыргыз элинин башына түшпөсүн деп тилеп, тилибизди, улуттук нарк-насилибизди ыйык туталы.

**Адабияттар:**

1. Токомбаев А. Кандуу жылдар. - 1-том. - Бишкек, 1991.
2. Егембердиев Ж. Канат хан. – Бишкек, 2006.
3. Айтматов Ч. 7-том. – Бишкек: Бийиктик, 2008.
4. Карымшаков С. Чыркыраган чындык жөнүндөгү чыгарма // Егембердиев Ж. Канат хан. –Бишкек, 2006.

[7] Токомбаев А. Кандуу жылдар. - 1-том. - Бишкек, 1991. - 248-б

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com